КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН АЧЫК ЖАНА ЖАБЫК СПОРТТУК ОБЪЕКТТЕРДИ ПАЙДАЛАНУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Максаты, мазмуну жана аныктамалар

Максаты

1-берене. Бул жобонун максаты – университеттин ачык жана жабык спорттук объекттерин (мындан ары – Объект) окуу-тарбия, илимий-изилдөө, социалдык-маданий, спорттук ж.б. максаттарда иштетүүгө, жооптуу кызматкерлердин милдеттерине, ыйгарым укуктарына жана жоопкерчиликтерине, объекттердин мамлекеттик мекеме/уюм жана жеке/юридика-лык жак тарабынан пайдаланылышына байланыштуу жол-жоболорду иштеп чыгуу.

Мазмуну

2-берене. Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин алдында кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырган ачык жана жабык спорттук объекттердин жол-жоболорун камтыйт.

Аныктамалар жана кыскартуулар

3-берене. Бул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1. Университет : Кыргыз-Түрк “Манас” университети;
2. Ректорат : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты;
3. Мүдүрлүк/мүдүр :Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин мүдүрлүгү/ мүдүрү.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### Ачык жана жабык спорттук объекттерде иштеген

### жооптуу кызматкерлердин милдеттери

### Спорттук объекттердин башчысы

4-берене. Спорттук объекттердин башчысы – мүдүр тарабынан дайындалган окутуучу. Ал мүдүрдүн алдында спорттук объекттердин иштетилиши боюнча жооптуу болот.

### Спорттук объекттердин башчысынын ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери

5-берене. Спорттук объекттердин башчысынын ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери төмөнкүдөй:

1. Объекттерде өткөрүлө турган иш-чараларды Тараптардын ортосунда кол коюлган келишимдин негизинде керектүү жабдуулар, жарык берүүчү приборлор, спорттук шаймандар ж.б. жабдыктар менен камсыздоо; алардын орнотулушун жана кайра кайтарылып берилишин камсыз кылуу;

2. Объекттердин ички жана тышкы көрүнүшү менен тазалыгына байланыштуу бардык иш-чараларды уюштуруу жана контролдоо, объекттердин иштешин камсыздоо;

3. Объекттердин санитардык-гигиеналык жактан колдонууга жарактуу болушун камсыздоо;

4. Объекттерге тийиштүү “Спорттук объекттер тууралуу маалыматтар папкасын” уюштуруу;

5. Объекттерде өткөрүлө турган спорттук иш-чаралардын календарын түзүү;

6. Объекттерде өткөрүлө турган социалдык, маданий жана спорттук иш-чаралар тууралуу маалыматтарды тийиштүү кишилерге билдирүү жана кулактандыруулардын жарыя-ланышын камсыздоо;

7. Өткөрүлө турган иш-чараларда объекттерди өрт, саботаж, табигый кырсыктар сыяктуу ар түрдүү коркунучтардан коргоо үчүн керектүү коопсуздук чаралардын көрүлүшүн камсыздоо;

8. Объекттерде уюштурулган бардык иш-чаралардын кемчиликсиз өтүшүн камсыздоо;

9. Объекттерге зыян келтирилген учурда дароо ыйгарым укуктуу кишилерге билдирүү;

10. Үч айда бир жолу мүдүрлүккө объекттердин жалпы абалы жана өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу отчет тапшыруу.

Спорттук объекттер боюнча жооптуу кызматкер:

6-берене. Спорттук объекттер боюнча жооптуу киши – мүдүр тарабынан дайындалган административдик кызматкер. Ал спорттук объекттердин башчысынын алдында объекттер-дин иштетилиши боюнча жооптуу болот.

Спорттук объекттер боюнча жооптуу кишинин милдеттери төмөнкүдөй:

1. Объекттердин таза жана пайдаланууга даяр болушун камсыздоо;

2. Объекттерди таза кармоо, оңдоо жана коргоо боюнча тийиштүү чараларды көрүү;

3. Объекттерди күн сайын текшерип, кемчиликтердин жоюлушун камсыздоо;

4. Объекттерде орун алган инвентарлардын таза жана пайдаланууга даяр болушун камсыздоо;

5. Объекттерде машыгуу ж.б. иш-чараларды өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

6. Объекттерди коопсуздук кызматкерлерине тапшырып жаткан учурда объекттердин электр системасын, жылытуу системасын, суусун, эшиктерин жана терезелерин ж.б. текшерүү;

7. Спорттук кийим кийбеген спортчуларды объекттерге киргизбөө жана тийиштүү эскер-түүлөрдү берүү;

8. Объекттерде тамекинин, алкоголдук ичимдиктердин ж.б. зыяндуу заттардын колдонулушунун алдын алуу;

9. Объекттерде адеп-ахлакка туура келбеген кыймыл-аракеттерди жасагандарга эскертүү берүү;

10. Объекттерде терс окуя чыккан учурда аны дароо коопсуздук кызматкерлерине билдирүү;

11. Мүдүрлүк тарабынан даярдалган жана объекттерде дубалдарга илинген “Спорттук объекттерди колдонуу шарттарын” аткаруу.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Иш жүргүзүүсү

Спорттук объекттердин университеттен башка мамлекеттик мекеме/уюм жана жеке/юридикалык жак тарабынан колдонулушу

7-берене. Спорттук объекттердин университеттен башка мамлекеттик мекеме/уюм жана жеке/юридикалык жак тарабынан колдонулушуна байланыштуу жол-жоболор төмөндө көрсөтүлгөн:

1. Мамлекеттик мекеме/уюм жана жеке/юридикалык жак өткөрө турган иш-чаранын максатын, аталышын, жерин жана убактысын билдирип, спорттук объекттерди убактылуу колдонуу боюнча арызын ректоратка жиберишет.

2. Ректорат иш-чараны ылайык көргөн учурда арыз ээсине жазуу же оозеки түрүндө билдирет.

3. Тийиштүү объект убактылуу пайдаланууга бериле турган учурда, ал тууралуу толук маалыматтарды (күнү, сааты, объекттин түрү, колдонуу максаты, колдонуу жол-жобосу, буюмдай же акчалай жардам, башка талаптар) камтыган келишим арыз ээси менен ректорат тарабынан түзүлөт.

4. Тараптар келишимдин жоболорун сактоого тийиш.

5. Келишимдин негизинде жасалган буюм түрүндөгү жардамдар мүдүрлүк тарабынан университеттин инвентардык журналына катталат.

Университеттин кызматкерлери жана студенттери

8-берене. Спорттук объекттердин университеттин кызматкерлери жана студенттери тарабынан колдонулушуна байланыштуу жол-жоболор төмөндө көрсөтүлгөн:

1. Университеттин түзүмдөрү, кызматкерлери жана студенттери уюштурууну пландаштырган иш-чаранын аталышын, жерин жана убактысын билдирип, мүдүрлүккө жазуу же оозеки түрүндө жиберишет.

2. Түзүмдөр, кызматкерлер жана студенттер “Спорттук объекттерди колдонуу шарттарында” орун алган талаптарды сактоого тийиш.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

### Башка жоболор

9-берене. Бул жободо каралбаган башка учурларда тийиштүү ченемдик укуктук документке ылайык ректораттын чечиминин негизинде жоопкерчиликке тартылат.

### Күчүнө кириши

10-берене. Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган күндөн тарта күчүнө кирет.

### Ишке ашырылышы

11-берене. Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты тарабынан ишке ашырылат.

Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 10-майындагы 2016-12.47- номерлүү чечими менен кабыл алынган.